УДК. 57.573
**DOI:10.58494/esai.24(8).2024.25**

*Искендер кызы Нурайым,*
*ОшМУ, магистрант*
*Бообекова А.А.,*
*ОшМУ, магистрант*

## МЕКЕН ТААНУУ САБАГЫН ИНТЕГРАЦИЯЛАП ОКУТУУДА ПРЕДМЕТ АРАЛЫК БАЙЛАНЫШТАР

***Аннотация.*** *Макалада жалпы орто мектептин башталгыч класстарында мекен таануу сабагын окутууда предмет аралык байланыштардын түрлөрү көптөгөн функцияларды аткара тургандыгы, гуманитардык предметтер менен байланышы көрсөтүлдү. Башталгыч класстарда мекен таануу предметин окутууда дисциплина аралык байланыштардын түрлөрү көптөгөн функцияларды аткара тургандыгы жана предметтер менен байланышы бекемделет. Предмет аралык байланыштар орто мектепте окутуунун маанилүү принциби. Предмет аралык байланыштар табигый илимий жана коомдук гуманитардык циклдагы предметтердин байланышын камсыз кылып, аларды башталгыч класс окуучулардын эмгектенүүсү менен байланыштырат. Предмет аралык байланыштардын жардамы менен курчап турган дүйнөнү окуткан мугалимди башка предметтерден берген мугалимдер менен бирдикте окуу тарбиялык маселелерди багыттуу чече алышат, предметтердин мазмунун кеңейтет.*

***Түйүндүү сөздөр:*** *интеграция, предмет аралык байланыш, илимдер аралык синтез, методологиялык синтез, илим жана коомдук практиканын синтези, предмет аралык байланыштардын функциялары, предмет аралык байланыштардын түрлөрү.*

## МЕЖПРЕДМЕТНЫЕ СВЯЗИ В КОМПЛЕКСНОМ ПРЕПОДАВАНИИ РОДИНОВЕДЕНИЯ

***Аннотация.*** *В статье указано виды и функции межпредметных связей в обучении предмета родиноведение, а также связи с гуманитарными предметами. Обучение в начальных классах предмета родиноведение усиливается межпредметная связь которая свою очередь выполняет несколько функций. В средней школе межпредметные связи являются важнейшими принципами обучения. Межпредметные связи обеспечивают связь между естественнонаучными и общественно-гуманитарными циклами, при изучении их у учеников начальных классов вырабается интерес к этим предметам. А также с помощью межпредметных связей учителя данных предметов совместно решают задачи учебно-воспитательной работы, расширяя содержание преметов.*

***Ключевые слова:*** *межпредметные связи, межнаучный синтез, метологический синтез, синтез науки и общественной практики, функции межпредметных связей, виды межпредметных связей*

## INTERDISCIPLINARY CONNECTIONS IN THE INTEGRATED TEACHING OF HOMELAND STUDIES

***Annotation.*** *The article indicates the types and functions of interdisciplinary connections in teaching the subject of homeland studies, as well as connections with humanitarian subjects. Teaching in the elementary grades of the subject of homeland studies strengthens the interdisciplinary connection, which in turn performs several functions. In secondary school, interdisciplinary connections are the most important principles of learning. Interdisciplinary connections provide a link between natural science and socio-humanitarian cycles, and when studying them, primary school students develop an interest in these subjects. And also, with the help*

*of interdisciplinary connections, teachers of these subjects jointly solve the tasks of educational work, expanding the content of premets.*

***Key words:*** *interdisciplinary connections, interdisciplinary synthesis, metological synthesis, synthesis of science and social practice, functions of interdisciplinary connections, types of interdisciplinary connections*

Заманбап билим берүү орто мектептин окуучулары үчүн салттуу сабак жеткиликтүү эмес жана кызыксыз болуп билим алууда кыйынчылыктар жаралышы мүмкүн. Ошондуктан интеграцияланган мазмундагы билим-билгичтик алардын компетенттүүлүктөрүн жогорулатууга шарт түзүп, табигий процесстерди түшүнүүдө, билим, билгичтиктерге ээ болушат.

Интеграция - бул предметтерди бири-бири менен байланыштырып турууучу, ар түрдүү предметтердин темалары бириктирилип бир шуруну кармап турган ичке билинбеген жип катары келет.

Предмет аралык интеграция – бул билимдерди, ишенимдерди, практикалык иш аракеттерди ич ара бириктирүү. Ага предметтерди айкалыштыруу, мазмунду жактан тутамдаштыруу аркылуу жетүүгө болот. Мисалы, Мекен таануу предмети табиятынан эле интеграциялаган предмет. Атап айтканда, “Мен жана дүйнө”, кыргыз тили, адабий окуу ж.б. предметтери бири – бири менен тыгыз байланышта туруп, толукталып, бир бүтүндүктү түзүп турат. Бул бүтүндүк аталган предметтердин өз алдынчалыктарын жокко чыгарбастан, предметтердин мазмунун кенейтет.

Башталгыч класстарында Мекен таануу предметин окутууда дисциплина аралык байланыштардын түрлөрү көптөгөн функцияларды аткара тургандыгы жана предметтер менен байланышы бекемделет.

Предмет аралык байланыштар – орто мектепте окутуунун маанилүү принциби. Предмет аралык байланыштар табигый илимий жана коомдук – гуманитардык циклдагы предметтердин байланышын камсыз кылып, аларды башталгыч класс окуучулардын эмгектенүүсү менен байланыштырат. Предмет аралык байланыштардын жардамы менен курчап турган дүйнөнү окуткан мугалими башка предметтерден берген мугалимдер менен бирдикте окуу – тарбиялык маселелерди багыттуу чече алышат. Предмет аралык байланыштарды ишке ашырууда башталгыч класс мугалимдерипрактикада бир аз кыйынчылыктарды тартышат. Негизги себеби – предмет аралык байланыштарды ишке ашыруу боюнча методикалык көрсөтмөлөрдүн жоктугу. Бирок ага карабастан, башталгыч класс мугалими чыгармачылык менен предмет аралык байланыштарды сабактарда жана сабактан тышкаркы иштерде колдонуусу зарыл. Ал үчүн мугалим теориялык билимдерди жакшы билүүсү, методикалык көрсөтмөлөрдү колдонуусу зарыл жана аларды колдонуу жолдорун табуу керек [1].

Табигый илиминде акыркы жылдары жандуу жана жансыз жаратылыштын ортосундагы байланыштарга көбүрөөк көңүл бурулууда. Жандуу жана жансыз жаратылыштын ортосундагы табигый тармактардын мыкты изилдөөлөрдүн жетишкендиктери жашоо процесстеринин закон ченемдүлүктөрүн ар тараптан окутуу керек экендиги билинип турат. Мекен таануу предметинин мазмуну табигый илиминин заманбап денгээлине жакындаганына байланыштуу жана окутуунун дидактикасында ирээттүү байланыштарды түзүүгө көбүрөөк көңүл бурулууда.

Мындай предмет аралык байланыштар мекен таанууну окутуунун бардык этаптарында максаттуу колдонулушу керек.

Биринчи этапта (1-класста “Мен жана айлана чөйрө”, 2-класста “Жаратылыш жана биз”) жаратылышка киришүү сабактарында элементардык билимдерге өзгөчө көнүл буруу керек, бул билимдер табигый илимий негизди түзүп, кийинки класстарда билимдерди тереңирээк кабыл алууга жакшы түрткү берет.

Экинчи этапта (3-класста) өсүмдүктөрдүн жана жаныбарлардын биологиясын окутууда  предмет аралык байланыштарды түзүү абдан маанилүү, натыйжада, окуучулар физиологиялык жана экологиялык билимдерди тереңирээк кабыл алышат.

Үчүнчү этапта (4-класста “ Аалам жана биз”) адамдын түзүлүшүн, физиологиясын жана гигиенасын кароодо жана жалпы биология курстарында химия, физика жана география илимдери боюнча түшүнүктөрдү кеңири пайдалануу керек. “Курчап турган дүйнө” курсундагы билим берүү – жалпы табигый билим берүүнүн маныздуу бөлүгү. Н.К.Крупская өз убагында айткандай, табигый илимий предметтердин ортосунда предмет аралык байланыштарды түзүү менен окутуу  башталгыч  класс окуучуларда илимий, диалектикалык – материалисттик көз караштардын калыптануусуна алып келет [2].

Мекен таануу предметин окутууда илимий көз караштарды калыптандыруу башталгыч класс  окуучуларында  дүйнөгө болгон маанилүү идеяларды (дүйнөнүн материалдык бирдиктүүлүгү жана анын өрчүшүнүн диалектикалык закон ченемдүлүктөрү; кубулуш жана процесстердин жалпы байланыштары; обьективдүү дүйнөнү таанып билүү жана анын коомдук ан-сезимде чагылдырылышы; теория жана практиканын бирдиктүүлүгү; илимий билимдердин гумандуу мүнөзү ж.б.) кабыл алуусуна түрткү берет.

Башталгыч класстарда Мекен таануу предметинин милдети – жандуу жаратылыш дүйнөсүнүн илимий сүрөтөлүшүн  чечмелеп көрсөтүү, башталгыч класс окуучуларына жандуу системаларды тааныштырууда диалектикалык материалистик принциптер менен тааныштыруу. Жаратылышты таануу, математика, турмуш тиричиликтин коопсуздук негиздери, көркөм өнөр бири бири менен байланышта окулуп, материалдуу дүйнөнүн бирдиктүүлүгүн, бирдиктүү өнүгүшүн башталгы класс окуучуларына түшүндүрөт. Мекен таануу предмети  коомдук, техникалык жана айыл чарба илимдери менен болгон байланыштары «жаратылыш-адам», «жаратылыш-адам-эмгек» системасындагы байланыштарды чечмелеп көрсөтөт. Мекен таануу преметин  окутуудагы предмет аралык байланыштар илимий байланыштарды чагылдырат [3]. Табигый билимдердин синтезинин бөлүнүшү 1-таблицада берилген. Илимдер аралык синтез чек ара илимдердин пайда болушуна алып келди. Методологиялык синтез табигый билимдердин бирдиктүү методологиясын камсыз кылат. Илим жана коомдук практиканын синтези комплекстүү глобалдуу проблемаларды чечүүгө багытталат (айлана-чөйрөнү коргоо).

Табл.1.

**Табигый илимдердин синтези**

| | |
|---|---|
| *Табигый билимдердин синтези* | *Илимдер аралык синтез* |
| | *Методологиялык синтез* |
| | *Илим жана коомдук практиканын синтези* |

Окутууда предмет аралык байланыштар бир нече функцияларды аткарат: методологиялык, билим берүүчү, өнүктүрүүчү, тарбиялоочу, конструктивдүү ж.б. Эгер башталгыч  класс окуучулары окуу сабагынын зарылчылыгын сезсе, үйрөтүлүп жаткан көрүнүштөрдү жана закондорду кызыгуу менен кабыл алса, өзүн таанып билүү жараянынын катышуучусу катары сезсе, анда математиканы окуп-үйрөнүү ийгиликтүү болот. Мунун баары башка сабактарда алынган билим эске алынса, кыйла жеңилдейт. Предметтер аралык байланыштарды ишке ашыруу башталгыч класс окуучуларында жаратылыш кубулуштары жана социалдык жараяндар жөнүндө көз караштарды, бүтүн түшүнүктөрдү калыптандырууга жардам берет жана ошондуктан билимди дээрлик практикалык маанилүү жана колдонулуучу кылат.

Предмет аралык байланыштар башталгыч класс окуучуларынын логикалык жана сынчыл ой жүгүртүүсүн, чыгармачылыгын өркүндөтөт. Окуу процессинде мындай

байланыштарды колдонуу жаңы материалды өздөштүрүүдө кайталоону кыскартат, окуучулар үчүн жалпы илимий билимди практика жүзүндө колдонууга болгон көндүмдөрүн жана жөндөмдөрүн калыптандырат.

Методологиялык функциянын негизинде окуучуларда жаратылышка болгон диалектикалык материалисттик көз караштар, жаратылыштын бүтүндүгү жана өнүгүүсү боюнча түшүнүктөр калыптанат.

**Предмет аралык байланыштардын функциялары**

***Методологиялык*** ***Билим берүү*** ***Өнүктүрүү*** ***Тарбиялык*** ***Конструктивдүү***

Предмет аралык байланыштардын билим берүү функциясынын негизинде башталгыч класс мугалими окуучуларда системалуулук, тереңдик, ойлонуу, ийкемдүүлүк сапаттарын калыптандырат. Предмет аралык байланыштар жалпы табигый түшүнүктөрдү өнүктүрүү, илимдер ортосунда байланыштарды түзүү каражаты катары колдонулат.

Предмет аралык байланыштардын өнүктүрүү функциясы башталгыч класс окуучуларында системалуу жана чыгармачылык ой жүгүртүүсүн өнүктүрүүдө, таанып билүү активдүүлүгүн калыптандырууда, өз алдынча иштегенди билүүдө, жаратылышка кызыгуусун арттырууда мааниси чоң. Предмет аралык байланыштар ой жүгүртүүнүн предметтик инерттүүлүгүн түшүнүүгө, башталгыч класс окуучулардын кругозорун кеңейтүүгө жардам берет.

Тарбиялык функциясында башталгыч класс мугалими башка предметтер менен болгон байланышка таянып, тарбиялоо маселесине комплекстүү мамиле кыла алат.

Конструктивдүү функциясынын жардамы менен башталгыч класс мугалими окуу материалынын мазмунун, окутуу усулдарын, формаларын өркүндөтө алат. Табигый илимий циклдагы предметтер боюнча мугалимдер окуу жана класстан тышкаркы иштерди чогуу пландаштыра алышат [4].

Предмет аралык байланыштардын бардык функцияларынын ишке ашуусу башталгыч класс мугалими алардын көп түрдүүлүгүн колдонгондо гана байкалат. Предметтер аралык байланыштарды төмөндөгүдөй бөлүүгө болот:

***1. Фактылар денгээлиндеги предмет аралык байланыштар*** – бул фактылардын окшоштугун тактоо, жалпы фактыларды колдонуу, билимдерин кеңейтүү максатында ал фактыларды ар тараптан кароо.

***2. Түшүнүк предмет аралык байланыштар*** – бул предмет түшүнүктөрүнүн белгилерин кеңейтүү, тереңдетүү; тектеш предметтерге мүнөздүү түшүнүктөрдү (жалпы предметтик) калыптандыруу. Табигый илимий циклдагы курстардын жалпы предметтик түшүнүктөрүнө заттардын түзүлүшү боюнча түшүнүктөрү кирет. Мында түшүнүктөр тереңделип, биологиялык материалдардын негизинде конкреттүү каралат дагы жалпы илимий мүнөзгө ээ болот [5].

**Корутунду**

Жыйынтыгында башталгыч класстарда предмет аралык байланышты колдонуу аркылуу окуучулардын предметтик компетенттүүлүктөрүн калыптандыруу; органикалык биримдиктеги ар түрдүү окуу предметтеринин каражаттары менен окуучулардын таанып билүү кызыкчылыктарын өркүндөтүү; мугалим менен окуучунун ортосундагы чыгармачылык жана кызматташтык байланышты күчөтүү; турмуш менен байланышкан предметтердин каражаттары боюнча заманбап көйгөйлөрдү жана суроолорду окуп үйрөнүүгө шарт түзүү.

**Пайдаланылган адабияттар:**


1. Ботбаева М.М. Экологияны окутуунун методикасы мугалимдер үчүн методикалык окуу куралы [Текст] / М.М. Ботбаева // –Бишкек, 2001 – 80 б.

2. Гринева Е.А. «Формирование естестевенных межпредметных связей младших школьников». М. 2012.

3. Клепинина З.А., Аквилова Г.Н. Методика преподавания предмета «Окружающий мир». М.: 2015.

4. Максимова В.Н., Груздева Н.В. «Межпредметные связи в обучении биологии». – М.: Просвещение, 1997.

5. Клепинина З.А., Аквилова Г.Н. Методика преподавания предмета «Окружающий мир». М.: 2015.